# Мышык



Автор: Заря Мамбетова

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Мышык

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мышык" (кыргыз тилинде), автор Заря Мамбетова, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Жайдын  күнү эле. Короодо балдар ойноп жүрүшкөн. Аңгыча кайдан-жайдан бир карала мышык балдардын жанынан чуркап өттү. Балдар мышыкты кызыгып карап калышты.

Мышык татынакай экен. Анын чуркап баратканы өтө сонун көрүндү.

– Мый-мый, келе гой, – деп балдар анын артынан чуркап, жетпей калышты. Мышык чөптүн арасына кирип кетти.



Алина оюнчук идишке сүт куюп келип, жерге коюп койду. Мышык кайра келип калар бекен деп балдар аны күтүп отурушту.

Бир маалда мышык акырын басып келип, сүттү ичип алып, кайра чөптүн арасына кирип кетти.

Ошондон баштап Алина күн сайын бир маал мышыкка тамак берип жүрдү. Мышык да Алинага көнүп, дайыма келе баштады. Алина мышыктыкүтөт. Аны сылап-сыйпап эркелетет. Ошентип, экөөнүн достугу улана берди.



Апасы бул көрүнүштү байкап калып мындай деди:

– Алина, сен бул мышык менен өтө ынак болуп кеттиң. Мышыктар жугуштуу ооруну алып келиши мүмкүн!

– Мышык мени жакшы көрөт да, – деп Алина ыйламсырады.

– Мен да  мышык баккым келет, ата, – деди Алинанын бөбөгү сөзгө кошулуп.

– Мышыктар, иттер ар кайсы жерде жүрүшөт. Алардын жүнүнө курттун  жумурткалары жабышып калат. Жумурткалар өтө майда, көзгө көрүнбөйт. Мышыкты сылаганда, колубузга жугат. Андан кийин тамак ичкенде оозго кирет.

– Анан эмне болот?

– Жумурткалар ичеги-карынга кирип, канга өтөт. Андан ары өсүп, куртка айланат. Төлдөп көбөйүшөт.


– Ай-ий, жаман турбайбы! Адамдын ичинде да  курттар жашайбы?

– Ооба, колун жуубай тамак ичкен балдардын ичине курт кирип кетет.  Алар биз ичкен тамак-ашты ичип жашайт, көбөйүшөт. Ошо балдардын бою өспөй калат, жакшы окуй албайт, ичи ооруйт. Чүчөк болот.

Мышык, чынында эле сүйкүмдүү жаныбар. Анын жумшак түктөрү, жеңил басканы жагымдуу. Айрым балдар мышыкты абдан жакшы көрүшөт, өпкүлөшөт, чогуу тамак ичишет, төшөккө алып жатышат.

– Абайлагыла! Мышыктар менен иттер эхинококк, аскаридоз деген оору менен ооруйт. Мына ушул оорулар адамга жугуп калышы мүмкүн.

– Мен эми мышык менен дос болбой каламбы? – деди Алина.





– Мышыкты врачка алып барып текшертели. Дарылагандан кийин  баксаң болот.

– Мышыкты да врач карайбы?

– Ооба, жаныбарларды дарылаган атайын врач болот, аны ветврач деп аташат. Мышык, күчүктөрдү, уй-кой жана башка жаныбарлардын баарын ар дайым ветврачка текшертип туруу керек. Мына ошондон кийин гана аларды үйдө багууга болот. Жаныбарларды кармагандан кийин, колду сөзсүз самындап жууп туруш керек.

Алинанын ата-энеси мышыкты ветврачка текшертип, атайын эмдөөдөн өткөрүштү.

Ошондон бери мышык  Алинанын үйүндө жашап калды.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли